**Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын «Сөздүн магиялык кудурет күчү: риторика маселеси» деген темада 10.02.01– кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишинин расмий оппонентинин**

# ПИКИРИ

Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын «Сөздүн магиялык кудурет күчү: риторика маселеси» деген темада 10.02.01– кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши филология жаатындагы актуалдуу маселеге арналган эмгек экендигин белгилөө менен, ишти талдоону квалиметрикалык баалоо параметрлери аркылуу төмөндөгүдөй тартипте жүргүзгөндүгүбүздү белгилемекчибиз:

**1. Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Изденүүчү У. Мураталиеванын диссертациялык ишинде логика, стилистика, кеп маданияты, поэтикага тиешеси бар риториканын маселеси адамзаттын адамдык нукура маданиятынын жаралышы, өнүгүшү менен түздөн-түз байланышта. Кара риторикага кыйыр байланышкан айрым бир эмгектерди эске албаганда, анын кыргыз тил илиминде атайын изилдөөнүн объектиси болбогондугу; коомдук жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө активдүү колдонулган псевдологикалык технологиялар, манипуляциялык амалдар, рабулистика, софистика өңдүү ык-амалдардын чеги, түрлөрү ажыратылып, конкреттүү тилдик фактылардын мисалында каралбагандыгы; кыргыз тил илиминде текст система-структуралык, семантика-функционалдык, лингвопрагматикалык анализдердин объектиси катары лингвистикалык, лингвостилистикалык, филологиялык өңүттөрдөн талдоого алынганы менен, тексттин риторикалык түзүлүшүнө талдоо жүргүзүлбөгөндүгү; кара риторикадагы кептик стратегиялар менен тактикалардын реализацияланышында, кептик жүрүм-турумдун өзгөчөлүктөрүнүн текстте чагылдырылышында, псевдологикалык технологиялардын, вербалдык агрессия, демагогия, рабулистика, софистика өңдүү амалдардын ишке ашуусунда риторикалык фигуралардын маанисинин ачылып берилбегендиги диссертациялык иштин актуалдуулугун айгинелейт.

**2. Проблеманы изилдөөнүн абалы жана изилдөөнүн жаңылыгы.**

У. Мураталиеванын изилдөөсүндө жалпы риториканын айрым негизги маселелери менен катар кара риториканын концептуалдуу проблемаларынын кыргыз тилиндеги материалдардын мисалында каралышы иштин илимий жаңылыгын түзөт. Мындан тышкары риторикалык фигуралардын кара риториканын негизги стратегиялары менен тактикаларын, манипуляциялык ык-



КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
ВХОДЯЩИЙ №10-24-14
«31» 12 2024 г.

амалдарын, псевдологикалык технологияларын реализациялоо максатында колдонулушун, көркөм текстке риторикалык талдоонун жүргүзүлүшүн жана ушул өңдүү өзөктүү аспектилерге тиешелүү бир катар маселелердин изилденишин иштин илимий жаңылыгы катары эсептөөгө болот.

**3. Теориялык жана методологиялык жактан маанилүүлүгү.** Кыргыз тилиндеги сөздүн магиялык кудурет – күчү: риторика маселесин изилдөө максатын көздөгөн бул диссертациялык изилдөөнүн теориялык жыйынтыктары кыргыз тилинин кеп маданиятын, поэтиканы, стилистиканы өнүктүрүүгө, риторика түшүнүгүнө байланышкан айрым маселелерди тактоого жана кеңейтүүгө, илимий нукта түшүндүрүүгө теориялык-методологиялык жактан өбөлгө түзө алат.

Изилдөөнүн максат-милдеттерине, багыттарына жана аспектилерине жараша сыпаттоо методу, анын талкуулоо (интерпретациалоо), системалаштыруу, жана жалпылоо ыкмалары, анализ, синтез, салыштыруу методдору комплекстүү түрдө пайдаланылган.

**4. Иштин практикалык мааниси.** Изилдөөдөн алынган тыянак-натыйжаларды риторика, кеп маданияты, тексттин лингвистикасы, заманбап медиатекст, когнитивдүү лингвистика, экспрессивдик синтаксис, коммуникативдик синтаксис, көркөм текстке лингвистикалык илик жүргүзүү өңдүү дисциплиналар боюнча лекциялык курстарды жана семинардык сабактарды өтүүдө пайдаланууга болот. Ушул жагдайлар изилдөөнүн практикалык маанисин айгинелейт.

**5. Изденүүчүнүн проблемага байланыштуу изилдөөгө кошкон салымы.**

Риториканын айрым өзөктүү маселелеринин, ошону менен эле бирге кара риториканын прициптеринин, анын суггестивдик лингвистика менен болгон байланышынын, кептик стратегиялардын типологиясынын, кептик тактикалар жана манипуляциялык ык-амалдардын, кептик фигуралардын кара риторикада колдонулушунун, апозиопезис, прозиопезис жана парцелляция өңдүү теориялык, ошондой эле көркөм жана медиатексттердин риторикалык талдоо жүргүзүүгө байланышкан практикалык мүнөздөгү маселелердин кыргыз тилинин факт-материалдарынын негизинде изилдениши автордун жеке салымы болуп эсептелет.

**6. Эксперименталдык жана көргөзмө материалдары.** Диссертацияда риторика маселелери түшүнүгүн бейнелеген факт-материалдар кеңири пайдаланылган. Андай материалдардын негизин Ч.Айтматов, Б. Бедюров, Д.Исанов, Т.Касымбеков, О. Капалбаев өңдүү бир катар авторлордун чыгармаларынан, эмгектеринен иллюстрациялык материалдар алынган.

Мындан тышкары иллюстрациялык материалдар иретинде интернет булактарынан медиатексттер тандалып алынып, талдангандыгын да кошумчалоого болот.

**7. Жаңылык жана натыйжалардын ишенимдүүлүгү.**

**1-натыйжа:** Кара риторика классикалык риториканын контекстинде жаралып, демагогия, рабулистика, софистика өңдүү манипуляциялык ык-амалдардан башат алып, өнүгүп-өзгөрүп келгендиги башка тилдик фактылардан тышкары, фольклордук чыгармалардын үлгүлөрүнөн ачык көрүнөт.

**2-натыйжа:** Айрым түрк тилдеринде, анын ичинде кыргыз тил илиминде риторикага салыштырмалуу кеп маданияты жана стилистика багытындагы изилдөөлөрдүн басымдуулук кылышы орус тил илиминин таасири аркылуу түшүндүрүлөт. "Кеп маданияты" түшүнүгү орус окумуштуулары тарабынан киргизилген, орус тил илимине гана мүнөздүү феномен болуп эсептелери шексиз;

**3-натыйжа:** Кара риторикадагы кептик стратегиялар менен тактикаларды, манипуляциялык ык-амалдарды, псевдологикалык технологияларды реализациялоодо риторикалык фигуралар өзгөчө мааниге ээ болот;

**4-натыйжа:** Кыргыз тил илиминде тексттерге, анын ичинде медиатексттерге да риторикалык анализ жүргүзүү зарылдыгы Кыргыз Республикасында болуп жаткан саясий процесстердин таасири астында саясий риториканын, полемикалык риториканын, манипуляциялык риториканын, медиариториканын актуалдашуусу аркылуу да түшүндүрүлөт.

Ушундай жыйынтыктардан улам бул диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары, негизинен, жаңы жана ишенимдүү экени белгиленет. Изилдөөнүн деңгээли кандидаттык диссертациянын квалификациялык белгилерине толук жооп берет.

**8. Автор алган натыйжалардын илимий-практикалык мааниси.** Диссертациялык иштен алынган тыянак-натыйжаларды риторика, кеп маданияты, тексттин лингвистикасы, заманбап медиатекст, когнитивдүү лингвистика, экспрессивдик синтаксис, коммуникативдик синтаксис, көркөм текстке лингвистикалык илик жүргүзүү өңдүү дисциплиналар боюнча лекциялык курстарды жана семинардык сабактарды өтүүдө пайдаланууга болот. Ошондой эле аталган тармактар боюнча билим берүү ишмердигинде илимий-практикалык жактан баалуу жана маанилүү материал болуп бере алат.

**9. Диссертациянын мазмунун жана тыянактарын баалоо.** Диссертация кыргыз тил илими үчүн маанилүү концепцияны, бүтүмдөрдү чагылдырган толук бүткөн иш катары каралат. Мазмуну изилдөөнүн максатына ылайык келип, белгиленген милдеттердин негизинде ырааттуу, логикалуу, структуралык

бөлүмдөр өз ара байланыштуу, логикалык биримдик мүнөзүнө ээ. Диссертант тарабынан коргоого коюлган жобо-натыйжалар, сунушталган тыянактар, бүтүмдөр жана көз караштар улуттук тил илими үчүн жаңы жана келечектүү деп баалоого болот.

Автореферат диссертациялык иштин мазмунун туура жана толук чагылдырат. Авторефераттын эки нускасынын тең мазмуну КР УАКтын талаптарына толук жооп берет.

**10. Иштин илимий, стилистикалык жана логикалык өзгөчөлүктөрү.**

Диссертациянын текстинин стили илимий стилдин талаптарына жооп берет. Теориялык маселелерди берүүдө колдонулган терминдердин, далилдердин орундуулугу жана ынанымдуулугу сакталган.

Диссертациянын жалпы эле мазмунун жана конкретүү контексттердеги ойду туюндуруп берүүдө ырааттуулук бар.

**Сын-пикирлер жана сунуштар:**

Диссертацияда жана авторефератта айрым бир пунктуациялык, орфографиялык каталардын кетип калганын байкоого болот. Биз алардын бирден гана учурун көрсотүп коюуну туура таптык. 1-баптан 15-16-30-бетте, 2-бапта 38-бетте орфографиялык каталар кездешет жана 3-баптан 76-бетте жөндөмдүүлүктөр деген сөз түшүнүксүз символдор менен жазылып калган.

Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын «Сөздүн магиялык кудурет күчү: риторика маселеси» деген темада жазылган диссертациялык ишине түзүлгөн квалиметрикалык матрица

| № | Баалоо параметри | 10 | 9 | 8 | 7 | 6 | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Актуалдуулугу | + | | | | | **10** |
| 2 | Проблеманы изилдөөнүн абалы жана изилдөөнүн жаңылыгы | + | | | | | **10** |
| 3 | Теориялык жана методологиялык жактан маанилүүлүгү | | | + | | | **8** |
| 4 | Иштин практикалык мааниси | | + | | | | **9** |
| 5 | Изилдөөчүнүн проблемага байланыштуу изилдөөгө салган салымы | + | | | | | **10** |
| 6 | Эксперименталдык жана көргөзмө материалдары | | | + | | | **8** |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Жаңылыгы жана натыйжалардын ишенимдүүлүгү | | + | | | | **9** |
| 8 | Автор алган натыйжалардын илимий-практикалык мааниси | | + | | | | **9** |
| 9 | Диссертациянын мазмунун жана тыянактарын баалоо | + | | | | | **10** |
| 10 | Тилдин илимий, стилдик жана логикалык өзгөчөлүктөрү | | | + | | | **8** |
| | **Жалпы балл:** | | | | | | **91** |

Жыйынтыктап айтканда, Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын «Сөздүн магиялык кудурет күчү: риторика маселеси» деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КРнын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын койгон талаптарына толугу менен жооп берет. Ал эми анын автору У. Т. Мураталиева 10.02.01– кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу.

**Расмий 2-оппонент, ф.и.к., доцент,**
**Эл аралык Кувейт университетинин**
**социалдык-гуманитардык, табигый**
**дисциплиналар жана дене тарбия**
**кафедрасынын башчысы** **А. А. Максутова**

**30.12.2024**